В.И.Ленин атындагы жатак-мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата күндөлүктөрдү текшерүү маалыматы

Мектеп окуучуларынын күндөлүк колдонуу текшерүүсү ар бир айда график боюнча жүргүзүлөт.Класс жетекчилер менен класс жетекчилердин усулдук бирикмесинин жетекчиси күндөлүктү иштөө системасы жөнүндө чогулуш өткөзүп турат.Окуучунун күндөлүгү анын алган билимин далилдеген документ экени эскертилип турат.

Күндөлүктү толтурууда окуучуларга ар бир бөлүктөрүн туура,так,булгабай, таза толтуруу эрежелери айтылат.Мугалимдерди окуучулардын билимдерин баалоодо ар бир сабактын жыйынтыгында баланын билимин баалап,бааларды коюу талап кылынат.

Күндөлүктөрдү текшерүүдө колдонуу эрежелери аткарылбаган окуучулар болгон.Биринчи бетиндеги даректерди туура эмес жазышкан.Сабактын жүгүртмө бөлүгү толтурулган эмес жазышкан.Кээ бир окуучулардын күндөлүгү жок болуп,көрсөтө алышпаган.

Мугалим тарабынан күндөлүктү текшерүүдө көрсөтмөлөрдү убагында аткарбаган класс жетекчилер да кездешкен.Окуучунун келип кетүүсү так аныкталган эмес.Класс жетекчи тарабынан эскертүүлөр,текшерилип кол коюулар убагында жүргүзүлгөн эмес.

Ата-энелер тарабынан көпчүлүк окуучулардын күндөлүктөрүнө көзөмөлдөө жүргүзүлбөйт.Себеби кээ бир ата-энелер баласынын билим деңгээлине кызыкпайт.Биздин мектепте балдар жатып окугандыктан күндөлүктү тарбиячылар көзөмөлдөп турушат жана кол коюшат.

Бардык окуучулар менен окуучулардын мугалимдердин жүргүзгөн иштерин бирдей кароого болбойт. Өз ишин так аткарган мугалимдер да бар. Окуучулардын ата-энелери менен дайыма байланышта болуп, баланын билимин текшерүү жүргүзүү менен алга жылдырууга аракеттенишет.

Жалпысынан мектеп окуучулары күндөлүк колдонушат.Күндөлүктөр сыртталган.Эскертүүлөр өз убагында толтурууга аракеттенишет.Ата-энелер жана тарбиячылар менен биргеликте иш алып барышат.

Башкы тарбиячы: Маткеримова Г.